Педагогикалык кеңешме тарабынан кабыл алынды

Протокол №1 "1" 09 2020-ж

"Бекитемин"

Мектеп жетекчиси ________ Боркеев Э.Т.

"1" 09 2020-ж

# Камчибек Шакиров атындагы Сынташ орто мектебинин башталгыч классытарынын "Байчечекей" усулдук бирикмесинин 2020-2021-окуу жылынын иш планы.

| № | Аткарыла турган иштери | Мөөнөтү | Жооптуулар |
|---|---|---|---|
| 1 | 1. Усулдук бирикменин планын бекитүү, талкуулоо.<br>2. Календарлык планды бекитүү<br>3. Жаш мугалимдерге насаатчы коюу . | Август | Бирикменин мүчөлөрү. |
| 2 | 1. 1-сентябрь. Бактылуу үй-бүлө коомдун башталышы.<br>2. Коронавирустан сактануу<br>3. Мамлекеттик тилдин 31-жылдыгы "Эне тилим-эне сүтүм" онлайн тарбиялык саат.<br>4. Өтүлгөн иш чарага анализ. | Сентябрь | Кл. жетекчилер.<br>УБнын мүчөлөрү |
| 3 | 1. Журнал, дептерди текшерүү.<br>2. "Окуу керемет" долбоору.<br>3. Күз майрамын өткөрүү. | Октябрь | Дыйканбаева Н.Т.<br>Кл.жетекчилер |
| 4 | 1. Биринчи чейректин жыйынтыгын чыгаруу.<br>2. Жакшы өздөштүрө албаган окуучулар менен иштөө.<br>3. Жаш мугалимдер менен иш алып баруу. | Ноябрь | Кл.жетекчилер<br>УБнын мүчөлөрү |
| 5 | 1. Өзгөчөлөнгөн окуучулар менен иш алып баруу.<br>2. Окуучулардын китептерине көңүл | Декабрь | Кл.жетекчилер<br>УБнын мүчөлөрү |

| | | | |
|---|---|---|---|
| | буруу.<br>3. 12-декабрь-“Улуттук адабият күнүнө” карата окуу фестивалы.<br>4. Жарым жылдык билим сапатын чыгаруу.<br>5. Жаңы жылдык балаты. | | |
| 6 | 1. Жугуштуу оорулардан сак бол!<br>2. Китеп, дептер, журналды текшерүү<br>3. “Окуу керемет” долбоорун ишке ашыруу. | Январь | Кл.жетекчилер<br>УБнын мүчөлөрү |
| 7 | 1. Жаш мугалимдер менен иш алып баруу<br>2. Дептер, күндөлүктөрдү текшерүү.<br>3. “Мекен коргоочулар” тарбиялык саат<br>4. Ачык сабактарды өткөрүү, жыйынтыгын чыгаруу.<br>5. Мектеп ичинде олимпиада жүргүзүү. | Февраль | Дыйканбаева Н.Т.<br>УБнын мүчөлөрү<br>Кл.жетекчилер |
| 8 | 1. Ак калпактар күнүнө карата тарбиялык сааттар<br>2. “Алтын Апа” 8-март майрамын өткөрүү.<br>3. Кыргыз тил, математикадан срез алуу.<br>4. Нооруз-2021 майрамын өткөрүү. | Март | Кл.жетекчилери |
| 9 | 1. 7-апрель эскерүү күнү.<br>2. 4-класстын билим сапатын текшерүү.<br>3. “Эрудит” олимпиадасына даярдык көрүү.<br>4. Окуу керемет долбоору.<br>5. “Алиппе” майрамын өткөрүү. | Апрель | Кл.жетекчилери<br>УБнын мүчөлөрү |
| 10 | 1. Билим деңгээлинин жыйынтыгын чыгаруу, мониторинг түзүү.<br>2. “Жаратылыш жан досум” экскурсия.<br>3. Оңдоп-түзөө иштерин баштоо. | Май | Кл.жетекчилер |

**Камчибек Шакиров атындагы Сынташ орто мектебинин**

**башталгыч класстарынын**

**"Байчечекей" усулдук бирикмесинин 2020-2021-окуу жылына**

**карата аткарылган иш-чараларына талдоо**

Усулдук бирикмеде 6 мугалим иштейт.

1. Дыйканбаева Н.Т - 4-класстын класс жетекчиси
2. Аблаева Ч.А. 1б, 3б- класс
3. Кулчаева Н.К 3а- класс
4. Таштанбекова А.Т 2-класс
5. Омурбаева Ж.К 0,1 -класс

Методикалык тема: Окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү жана мотивациялоо.

1.Усулдук бирикменин максаты-

Балдарды китеп окууга кызыктыруу .Окуу көндүмдөрүн өнүктүрүү ,

Кызыгуусун камсыз кылып, аларды колдоо үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүп берүү

2. Милдети-

Башталгыч класстардын окуучуларынын окуу көндүмдөрүн жакшыртуу боюнча,практика жүзүндө ишке ашыруу,андан ары өнүктүрүү.

3. Күтүлүүчү натыйжа-

Тамгаларды билүү, алфавитти таануу. Фонемаларды кабыл алуу. Шар окуу.

Бул окуу жылында бирикмеде бир топ алгылыктуу иштер жүргүзүлдү.

Ар бир класс жетекчи пландын негизинде иш жүргүзүп жатышты.

Бирге окуйбуз долбоору боюнча бир топ кызыктуу класстык жана ачык сааттар өтүлдү.

Ар бир майрамга арналган иш-чараларда башталгыч класстын окуучулары жана мугалимдери активдүү катышты.

Окуучулардын дептерлери өз убагында текшерилип турат.

Класс жетекчилер усулдук бирикме жетекчиси менен дайыма тыгыз байланышта.

**Август.** Усулдук бирикменин планы менен жетекчи Дыйканбаева Н.Т. тааныштырды.

Мугалимдер өз ойлорун айтып талкуулашты. Жарым жылга жана бир жылга коюлган иш чаралар, класстык тарбиялык сабактар онлайн түрүндө, өз убагында өткөрүүгө убада алышты. Электрондук күндөлүктөр онлайн толтуруу.

**Сентябрь.** Мамлекеттик тилдин 31-жылдыгы "Эне тилим-эне сүтүм" онлайн тарбиялык саат. 2020-2021-окуу жылы пандемияга байланыштуу. 1-сентябрь-Билим күнү 1-класстар үчүн гана белгиленди. Мектеп жана класстар санитардык-эпид. эреже ылайык жооп берет: ар бир балада маска, антисептик бар.

Тарбиялык сааттын темасы: "Бактылуу үй-бүлө коомдун башаты" деген темада 1-класс мектепте өттү,калган класстар онлайн өтүштү.

Жугуштуу оорулардан сактануу жолун билүү: колду самындап жууп, маска, антисептик ала жүрүү.

Мамлекеттик тилдин 31-жылдыгына "Эне тилим-эне сүтүм" деген темада тарбиялык сааттарды класс жетекчилер видео жасап көргөзүштү.

Аралыкта окуунун да өзүнчө кыйынчылыктары, көйгөйлөрү көп, ошого карабастан мугалим ата-энелер таалыкпастан иштеп жатышты.

**Октябрь.** Электрондук күндөлүк, журнал өз убагында класс жетекчи толтуруп, дептерди ватсап аркылуу кайтарым байланыш өтүүдө

"Алтын күз" Күз майрамын онлайн түрүндө, видео жасалып көрсөтүлдү ага окуучулар үйдө ар кандай жашылча-жемиштерден, жаныбарларды, тамак-аштын түрлөрүн жасап, сүрөткө тартып жөнөтүп жатышты. "Окуу керемет" долбоорун ишке ашырууда мугалим +китепканачы+окуучу+ ата-эне бирдиктүү иш алып барылды. Китепкана-бурчу түзүлүп, видео тасма тартылып, жөнөтүп жатышты. Мугалим менен окуучу аралыкта болсо да кырдаалдан чыгып, сабактар өз убагында өтүп жатты.

**Ноябрь.** 1 чейректин жыйынтыгын чыгаруу . Жакшы өздөштүрө албай калган окуучулар менен жекече онлайн түрүндө иш алып баруунун зарылдыгы келип чыкты кандай абалдагы кыйынчылык болсо да мугалим,класс жетекчи кырдаалдан чыгуу керектигин билип турабыз.Ата энелер менен да тыгыз байланышта болуу зарыл Таштанбекоова

Алтынайга сабактарына усулдук жардам берүү максатында сабактарына көз чаптырып,сунуштар берилди

**Декабрь.** Биринчи чейректин жыйынтыгы менен балдардын билим сапатынан төмөн көрсөткөн окуучулар менен иштебестен эң жакшы окуп өзгөчөлөнгөн окуучулар менен иш алып баруу зарыл. Аларга тесттер, кошумча жазуу, окуу иштер берилип турат.

12 декабрь бүткүл прогрессивдүү адамзат улуу ойчул, гуманист жазуучу Чыңгыз Айтматовдун туулган күнүн белгилейт, бул күнү Айтматовдун урматына 2011 жылдан бери улуттук адабият күнү катары жарыяланган. Ушул күнгө мектеп ичинде окуу фестивалын онлайн түрүндө өткөзүлдү. Окуучулар ата-энелер менен биргеликте ырларды жаттап, Ч.Айтматовдун өмүр баянын, чыгармалардан үзүндү айтып беришти, кол өнөрчүлүктөрдү көрсөтүү менен жыйынтыктадык, видео тасма тартылды.

Жаңы жылга жол .Аяз атага каалоо тилектерди айтып жаңы жылдык балатынын сүрөттөрү менен жарым жылдык билим сапаты чыгарылды.

**Январь.** Жылдын башы менен өлкөдөгү эпидемиологиялык кырдаалга ылайык офлайн режиминде билим алууга өттүк. Мектепке окуучулар өздүк гигиена эрежелерин, температуралык режимди, колду жууш, мектепте тамактануу режими сакташы үчүн бардык шарт түзүлгөн.

Баардык класстарга жугуштуу оорулардан сактануу жолдору жөнүндө түшүндүрүү иштери жүргүзүлдүү. Китептер сыртталган эмес, дептерлер талапка жооп бербейт. Журналдар өз убагында толтурулуп жатат.

**Февраль.** Жаш мугалим Таштанбекова Алтынайга сабакты пландап өткөрүүнүн практикалык ыкмаларын жана жолдорун өздөштүрүү жагынан жардам беруу, ишиндеги күчтүү, начар жактарын аныктап талдоо жана сунуш киргизүү.

"Жоокер-Мекен сакчысы" деген темада класстык сааттар өтүлдү. Бүгүнкү биздин балдарыбыз эртең келип биздин Мекен сакчылары.Тарбиялык саатта ырлар айтылды,бул майрамдын тарыхый чыгышы айтылды.

**Март.** 5-март Ак калпактар күнүнө карата класстарда тар.сааттар өтүлдү. Ак калпак Ала-Тоонун символу катары кийип жүргөн кыргыз элинин тарыхы жөнүндө калпактын келип чыгышы, өңү,түсү, жаш курагы жөнүндө айтылды.

"Менин алтын апакем" деген темада класстык сааттар. Апакелерибиздин эмгеги, баатырлыгы, сулуулугу жөнүндө айтылды. Көркөм өнөрдөн кичинекей белектерди колдору менен жасап апаларына алып барышты.

"Салам сага Ноорузум". Каада-салттар чагылдырылган тарбиялык саат өтүлдү. Окуучулар Нооруз жөнүндө ырларын, макал-лакаптарды, бийлерди, көркөм айтууну мыкты аткарып беришти.

**Апрель.** 7-апрель- Элдик революция күнү. Бизден чыккан Чолпонбай Мусаевти эскерүү, окуучулар көркөм окуу айтылды.

4-класска олипиада өткөрүлдү. Жыйынтыгында эң жакшы балл алгандар: Токтоматов Мирзат, Кемилбекова Аяна Картанбаева Элима райондук олимпиадага жолдомо алышты.

"Окуу керемет" долбоорун ишке ашырууда мугалимдерибиз жаңы ыкмаларды, стратегияларды колдонушту.

"Кош бол Алиппе" деген темада 1а, 1б класс жетекчилери Омурбаева Ж. Аблаева Ч. алиппе майрамын эң жакшы деңгээлде өткөрүлдү

3а-класс Аблаева Ч. математикадан ачык сабак.

3а-класс Кулчаева Н. мекен таануу сабагынан ачык сабак

4-класс Дыйканбаева Н. адабий окуудан ачык сабак

2-класс Таштанбекова А. адептен ачык сабак өтүштү.

**Май.** 9-май "Жеңиш күнүнө карата тарбиялык сааттар өтүлдү. Айылдагы ветеран аталарыбызды эстеп, аларга таазим берилди. Жеңиш күнүндө ырлар, декламация айтылды. Сүрөт көргөзмөсү менен жыйынтыкталды

4- класс кл.жетекчи Дыйканбаева Н.Т. коштошуу кечесин өткөрдү.

Класстар арасында "Спорт- ден соолуктун булагы" деген темада спорттук мелдеш өткөрүлдү. Баардык класстар активдүү катышты.

Чейректик, жылдык жыйынтыктар чыгарылды. Берилген тапшырмалар өз убагында аткарылып жатты. Мугалимдер өз ишине жоопкерчиликтүү мамиле жасашты. Анализ өз убагында жүргүзүлдү.